# Бир короодогу достор



Автор: Батмахан Абдухамидова

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

# Бир короодогу достор

Автор: Батмахан Абдухамидова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


"Бир короодогу достор" (кыргыз тилинде), автор Батмахан Абдухамидова,
сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Кечинде жаай баштаган жамгыр эртең менен араң басылды. Ушуну эле күтүп тургансып, күн күлүмсүрөй чыга келди. Короодогу жашылчалар жанданышты. Тегерете көз чаптырышты.




Бир кезде бадыраӊ:

– Ичи-ки-ий, үшүп кеттим, – деди. – Ушунча да суук болобу?


– А-ай, ушунча үшүкчөөлсүӊбү? – деди капуста таӊ кала.

– Ооба, түнү бою сууда калсам үшүйм да, – деди бадыраӊ ого бетер дирилдей.



– А өзүң кабат-кабат кийинип алыпсың го. Же сен да үшүдүңбү? – деди капустага калемпир тамашалай.

– Ой, жо-ок! Менин көйнөгүм өзү ушундай кооз да! – деп сыймыктана сүйлөдү капуста. – Мен үшүмөк тургай, кабат-кабат көйнөгүмдү жаан жууп койгонуна кубанып турам!




Четте турган тоголок жашылчаны карап:

– Жашыл чапанга жашынган ким? – деп сурады Калемпир.

Күндүн нурунан көзүн ала качкан бул жашылча абдан уялчаак эле.

– Мен помидормун, – деп ал акырын үн катты. Уялганынан заматта кызарып да кетти.



Жапжашыл чачын үлпүлдөткөн бирөө:

– Сен бизден уялба. Биз бир короодо өскөн досторбуз да, – деп аны кубаттай кетти.

Бадыраң эки жагын элеңдей үн катты:

– О-ой, бул ким? Үнү чыгат да, өзү көрүнбөйт го.



– Мен сабизмин. Жерге бир аз үңүлсөң, мени көрөсүң.


– А эмнеге жашынып алдың? Бери чыкпайсыңбы?

– Коркпой эле чыга бер. Жаан токтоду.

– Биз менен дос болгуң келеби?

Баары чурулдап жибериштиˑ Сабиз суурулуп чыгууга аракет кылды, бирок чыга албай, капа боло түштү:

– Мен өйдө чыгайын эле дейм. Бирок топурак бооруна бекем кысып, коё бербей жатат.




– Ой, сен жылуу да, жумшак да жерди таап алган турбайсыңбы! – деп калемпир адатынча такылдады.

Баары сабизге суктана карашып:

– Кандай сонун! Сени жаанда үшүп калбасын деп топурак бекем кучактап алган тура, – дешти.

Досторунун бул сөзүнө сабиз ойлоно калды. Чын эле, топурак мени жакшы көрөт окшойт. Бул сөз аны нымдуу топуракта турганына карабай ого бетер жылытты.



Жашылчалардын бири-бирин кубаттап жатканын көрүп, Күн ыраазы болду. Ал кубанганынан мээрим толгон жылуу нурларын баарына тегиз чачты.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Батмахан Абдухамидова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли